КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

Д 13.20.618 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 37:378.14:378.937

КАЧКЫН УУЛУ АЛТЫНБЕК

АЙЫЛ МЕКТЕБИНИН КЕЛЕЧЕКТЕГИ МУГАЛИМИНИН КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ
(педагогикалык дисциплиналарды окутууда)

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2021

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды

Илимий жетекчи: **Сманбаев Өрнөкбек Аманович** – педагогика илимдеринин доктору, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын доценти.

Расмий оппоненттер: **Наркозиев Аманбек Карашевич** – педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргызстан Эл аралык университетинин филология жана коммуникация кафедрасынын башчысы.

Айдарова Мисилимкан Довлатовна - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Баткен мамлекеттик университетинин Табият таануу жана педагогика факультетинин деканы.

Жетектөөчү мекеме: Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасы (723500, Ош ш., Ленин көчөсү, 331).

Диссертациялык иш 2021-жылдын 30-апрелинде саат 13:00 до И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 13.20.618 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51.

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51) жана Кыргыз билим берүү академиясынын (дареги:72000, Бишкек шаары, Эркиндик бульвары, 25) Илимий китепканаларынан жана дискеңештин сайтынан таанышууга болот (www.arabaev.kg).

Автореферат 2021-жылдын 29-мартында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору, профессор
Дюшеева Н.К.

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында өзгөчө айыл мектептеринин мугалимдерин даярдоону жакшыртуунун зарылдыгы келип чыкты. *Биринчиден* – өлкөбүздүн билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулушу, санариптештирүүгө жана аны модернизациялоого багыт алышы мектеп окуучусуна сапаттуу билим жана тарбия берүүнү көздөйт. *Экинчиден* – КРсын 2040-жылга чейин өнүктүрүүнүн багыттарында өлкөнүн айыл жергелерине өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Белгиленген социалдык-экономикалык милдеттерди чечүүдө, айыл маданиятын көтөрүүдө, аны кайра жаратууда мугалимдин социалдык ролу жогорулайт. *Үчүнчүдөн* – Кыргызстандагы 2292 мектептин 70%дан ашыгы айыл мектеби. Республиканын мектептеринде эмгектенген 78000 мугалимдин 56000 айыл мектебинде иштейт. Дале болсо алардын арасында алыскы райондордо мектептерде пенсия курагында эмгектендер 30-40% ды түзөт. Ал эми жаш адистер айыл жергесиндеги социалдык шарттарга байланыштуу шаарларга кетишсе, айрымдары кесиптерин алмаштырууга муктаж болушууда. *Төртүнчүдөн*, педагогикалык окуу жайларды аяктагандардын көпчүлүгү айыл мектептеринде иштөөнү каалашпайт. Анткени, ЖОЖдун бүтүрүүчүсүнүн иш аракети предметтик сабактарды гана берүүнү көздөп калган. Мына ушул жагдайлар, коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында иштеп жаткан Кыргызстандын айыл мектептери үчүн кесиптик-педагогикалык маданияты калыптанган компетенттүү мугалимдерге болгон муктаждыкты пайда кылып, аларды даярдоону күн тартибине койду.

Келечектеги мугалимдерди даярдоо маселеси мезгилдин талабына жараша өзгөрүлүп турган. Өз учурунда П.П. Блонский, А.В. Луначарский, Н.К. Крупская, А.С. Макаренко, А.В. Сухомлинский, С.Т. Шацкий, жана башкалар тарабынан кесиптик даярдыгы бар мугалимдерди даярдоонун маанисин белгилешкен.

Айыл мектептерине мугалимдерди даярдоонун педагогикалык маселелери Л.М. Андрюхинанын, В.М. Величкинанын, С.А. Горелованын, М.П. Гурьянованын, А.Ф. Драничниковдун, М.Н. Ермоленконун, Д.А. Казыханованын, В.П. Ковалевдун, И.Г. Металованын, Ю.А. Савинковдун жана башкалардын изилдөөлөрүндө чагылдырылган.

Педагогика илиминде кесиптик-педагогикалык маданият (КПМ) маселесинин жалпы теориялык (А.В. Барабанщиков, Е.В. Бондаревская, И.Ф. Исаев, Н.Д. Никандров, В.А. Сластенин ж.б.лар), коммуникативдик (В.С. Грехнев, И.И. Зарецкая), методологиялык (В.В. Краевский, В.А. Сластенин, А.Н. Ходусов), гуманитардык (Е.Н. Шиянов); нравалык-эстетикалык (Н.Б. Крылова) негиздери каралган.

Кыргыз Республикасынын окумуштуу-педагогдору М.Д. Айдарова, Д.А. Айылчиева, А.А. Алимбеков, Н.А. Асипова, Н.А. Ахметова, Д.Б. Бабаев, Дж.У. Байсалов, И.Б. Бекбоев, Н.К. Дюшеева, В.Л. Ким, Э.М. Мамбетакунов, А.М. Мамытов, Л.П. Мирошниченко, Т.В. Панкова, М.Р. Рахимова, Т.М. Сияев, К.М. Төрөгелдиева жана башкалар тарабынан жаңы социалдык-экономикалык

шарттарда мугалимдерди даярдоонун бир катар аспектилери (белгилүү адистикке даярдоо, мугалимлердин атайын жана кесиптик компетенцияларын, педагогикалык чеберчилигин калыптандыруу ж.б.) каралган. Бирок, Кыргызстандын айыл мектептери үчүн мугалимдерди даярдоо маселелери, алардын КПМын калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү жана шарттары жетиштүү карала элек.

Мугалимдин КПМын калыптандырууга байланышкан илимий-педагогикалык адабияттарды жана педагогикалык практиканы талдоонун негизинде төмөндөгүдөй *карама-каршылыктарды* аныктай алдык:

− *социалдык-педагогикалык деңгээлде:* айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМына коюлган талаптын жогорулашы менен аны калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын теориялык негизделишинин ортосундагы;

− *илимий-педагогикалык деңгээлде*: айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун илимий-теориялык жактан негиздөөнүн зарылдыгы менен педагогика илиминде бул багытта изилдөөлөрдүн жетишсиздигинин ортосундагы;

− *илимий-методикалык деңгээлде:* айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын тарбиялоону, өркүндөтүүнүн зарылдыгы менен ЖОЖдо тарбиялоочу чөйрөнү түзүү боюнча методикалык сунуштардын жетиштүү иштелип чыкпагандыгынын ортосундагы.

Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды жоюу, «айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын кантип калыптандыруу керек?» – деген суроо изилдөөнүн **проблемасын** түзөт. Мына ушуга байланыштуу каралып жаткан проблеманын актуалдуулугу **«Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу (педагогикалык дисциплиналарды окутууда)»** деп аталган теманы тандап алууга түрткү берди.

Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын 2015-2020-жж. илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышкан.

Изилдөөнүн максаты: айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу жана аларды педагогикалык эксперименталдык текшерүүдөн өткөрүү.

Изилдөөнүн милдеттери:

1. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМнын теориядагы жана практикадагы абалын аныктоо.
2. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМнын мазмунун, структурасын, функцияларын, критерийлерин жана деңгээлдерин ачып көрсөтүү.
3. ЖОЖдо педагогикалык дисциплиналарды окутууда айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун педагогикалык

шарттарын аныктоо жана аны ишке ашыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу.

4. Иштелип чыккан теориялык моделдин натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү.

Изилдөөнүн натыйжаларынын илимий жаңылыгы. Кыргызстандагы билим берүүнү модернизациялоонун шартында айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун мааниси, маселенин теориядагы жана практикадагы абалы аныкталды. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМынын маңызы, мазмуну, компоненттери, критерийлери жана деңгээлдери аныкталып, аны калыптандыруунун педагогикалык шарттары, теориялык моделинин иштелип чыккандыгында. Педагогикалык эксперимент аркылуу айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун педагогикалык шарттары жана теориялык моделинин натыйжалуулугу текшерилип, илимий негизделген практикалык сунуштар берилгендигинде.

Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү: изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жоболорду жана жыйынтыктарды педагогикалык окуу жайлардын окуутуучулары, студенттери, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуучу курстардын угуучулары, мектеп мугалимдери колдонот. Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган педагогикалык шарттар, теориялык модель айыл мектебинин келечектеги мугалимин даярдоого жардам берет. КПМнын компоненттерин, критерийлерин жана деңгээлдерин айыл мектебинин мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструмент катары колдонууга болот.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор:

1. “Педагогикалык маданият”, “кесиптик маданият”, “айыл мектебинин мугалиминин КПМ” түшүнүктөрүнүн маңызы. Айыл мектебинин мугалиминин КПМ – бул социалдык-экономикалык, маданий, этнопедагогикалык жагдайлар менен шартталган, педагогикалык баалуулуктарды жана педагогикалык технологияларды өздөштүрүүгө, айыл жергесинде кайра жаратуучулук, маданият таратуучулук функцияларды аткарган, билим берүүчүлүк чөйрөнү түзүүгө багытталган мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган комплекстүү түшүнүк.

2. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын аксиологиялык, технологиялык, инсандык-чыгармачылык компоненттери. КПМдын гносеологиялык, гуманисттик, коммуникативдик, окутуучу, тарбиялоочу, маданият таратуучу жана маалыматтык функциялары. КПМдын калыптануу деңгээлдери: *репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү*; критерийлери: *баалуулук мамиле, технологиялык активдүүлүк, инсандык-чыгармачылык активдүүлүк*.

3. Педагогикалык дисциплиналарды окутуу процессинде айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандырууга коюлган милдеттерди чечүүнүн педагогикалык шарттары (этнопедагогикалык шарт, айыл мектептеринде эмгектенген новатор-педагогдордун илимий-методикалык тажрыйбаларын үйрөнүү; айыл мектептери менен танышуу; жекечелештирүү

жана дифференцирлөө). Максаттык, мазмундук, технологиялык жана жыйынтыктоочу-баалоочу блоктордон турган айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун теориялык модели.

4.Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруу боюнча педагогикалык эксперименттин натыйжалары жана практикалык сунуштар.

Изденүүчүнүн жеке салымы: алгачкы жолу изилденип жаткан теманын теориялык жактан негизделип, жогорку окуу жайында айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун теориядагы жана практикадагы абалы, педагогикалык шарттары, критерийлери, теориялык модели изилденип жана практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Изилдөөнүн натыйжаларын апробацияланышы. Изилдөөнүн жыйынтыктары 2013-2020 жылдарда өткөрүлгөн республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда талкууланды: «Кыргыз Республикасында педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы» аттуу биринчи жана экинчи эл аралык илимий практикалык конференциялар (Ж.Баласагын атындагы КУУ (2013, 2014), «Педагогикалык билим берүүнүн перспективалары жана көйгөйлөрү» аттуу илимий практикалык конференциялар (И. Арабаев атындагы КМУ, 2015, 2016, 2017, 2018). «Кыргыз Республикасында психологиялык билим берүүнүн көйгөйлөрү жана перспективасы» аттуу эл аралык илимий практикалык конференция (И. Арабаев атындагы КМУ 2018), «Этнопедагогические и этнопсихологические общности алтайских народов» эл аралык илимий-практикалык конференция (Х. Карасаев атындагы БГУ (2018), VI «Инновационные технологии и передовые решения» эл аралык илимий-практикалык конференция (МУИТ 2018), «Заманбап педагогикалык билим берүүнүн жана илимдин теориялык жана методологиялык көйгөйлөрү» эл аралык илимий-практикалык конференция (И.Арабаев атындагы КМУ (2018), «Совершенствование подготовки научно-педагогических кадров в условиях перехода на многоуровневое образование» эл аралык илимий-практикалык конференцияларда (Ж.Баласагын атындагы КУУ 2019).

Диссертациянын натыйжаларынын толук жарыяланышы: Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары 25 илимий макалаларда жана 2 окуу-методикалык колдонмолордо (анын ичинен 9 эмгек РИНЦ журналдарында) чагылдырылган.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү изилдөөнүн мазмуна, натыйжаларына ылайык киришүүдөн, үч баптан, корутундулардан, тиркемелерден, 18 таблицадан, 3 схемадан, 3 диаграммадан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү-183 бет.

ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу негизделген, иштин максат жана милдеттери аныкталган, илимий жаңылыгы ачылган, теориялык, практикалык мааниси жана коргоого коюлган негизги жоболор көрсөтүлгөн, изилдөөнүн натыйжаларын апробацияланышы чагылдырылган**.**

Биринчи бап «Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун теориялык негиздери» деп аталып, айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун теориялык негиздери, анын мазмуну жана педагогдун ишмердүүлүгүндөгү мааниси каралган.

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин **кесиптик-педагогикалык маданияты** – маданият, кесиптик маданият, педагогикалык маданият деп аталган категориялардын негизинде аныкталды. Бүгүнкү күндө мына ушул категориялар боюнча ар түрдүү аныктамалар жана көз караштар бар.

"Маданият" түшүнүгүн биринчи жолу немец окумуштуусу С.Пуфендорф адамдын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын белгилөө үчүн колдонгон. Ал эми англиялык окумуштуу Э.Тейлор маданият "билимдин, ишенимдин, искусствонун, адеп-ахлактын, мыйзамдардын, үрп-адаттардын бир бүтүндүгүнөн түзүлөт" деген классикалык аныктаманы берген. “Маданият" категориясы окумуштуулар тарабынан, инсандын башка адамдарга, өзүнө жана жаратылышка болгон мамилелеринин жыйындысын чагылдырылган адамдын жашоосун уюштуруунун жана өнүктүрүүнүн белгилүү бир жолу катары каралат. Адамзаттын жашоосу улуттук маданиятты жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштырган дүйнөлүк маданияттын калыптанышынан көз каранды.

Теориялык булактарга таянуу менен маданияттын үч багытын көрсөтө алабыз: биринчиси – материалдык жана руханий баалуулуктардын жыйындысы; экинчиси – адамдын атайын иш-аракетинин жыйындысы; үчүнчүсү – инсандын өзүн-өзү өнүктүрүүсүнүн чыгармачыл жолдору. Бул үч багыт билимдерди, илимий көз караштарды, концепцияларды, көркөм образдардын жыйындысын жана айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүсүн чагылдырат.

Илимий адабияттарда маданият бир нече түрлөргө бөлүнгөндүгү көрсөтүлгөн. М.: экологиялык маданият, укуктук, дене тарбиялык, башкаруучулук ж.б. Мына ушулардын катарында кесиптик жана педагогикалык маданият бар. Кесиптик маданият – бул кесиптик көйгөйлөрдү чечүүдөгү өнүккөн педагогикалык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүк. Ал эми «педагогикалык маданият» түшүнүгү жүрүм-турум эрежелеринин, ченемдеринин жыйындысын камтып, педагогикалык чеберчиликтин белгиси катары каралат.

Педагогикалык кесиптин өзгөчөлүктөрү (чыгармачылык мүнөздө болушу, өсүп келе жаткан жаш муундар менен иштөөсү ж.б.) азыркы кездеги билим берүү системасын модернизациялоонун талаптары өз кезегинде КПМны талап кылат. Илимий адабияттарда КПМ жөнүндө бирдей көз караш жок. И.Ф. Исаев, Н.В. Кузьмина, А.К. Маркова, В.А. Сластёнин ж.б.лар ЖОЖдун окутуучуларынын КПМынын маңызын, мазмунун, функцияларын, компоненттерин сунушташкан. Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянуу менен айыл мугалимдеринин КПМын төмөндөгүдөй аныктайбыз. Айыл мектебинин мугалиминин КПМы – бул социалдык-экономикалык, маданий, этнопедагогикалык жагдайлар менен шартталган, педагогикалык баалуулуктарды жана педагогикалык технологияларды өздөштүрүүгө, айыл

жергесинде кайра жаратуучулук, маданият таратуучулук функцияларды аткарган, билим берүүчүлүк чөйрөнү түзүүгө багытталган мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган комплекстүү түшүнүк.

Жогоруда белгиленген окумуштуулардын көз караштарына, айыл мектебинде иштеген республикабыздын новатор педагогдорубуздун тажрыйбаларына жана изилдөөбүздүн натыйжаларына таянуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын төмөндөгүдөй структуралык компонеттерин жана функцияларын көрсөтө алабыз (1-сүрөт). КПМ үч компоненттен туруп, мугалимдин жеке сапаттарын жана аны педагогикалык ишмердүүлүктө колдонунуунун жол-жобосун камтыйт.

Аксиологиялык компонент – мугалим жеке жашоосунда жана кесиптик иш-аракетинде ээ болгон педагогикалык баалуулуктардын жыйындысы. Айыл жергесинин мугалиминин маданияты этномаданий, үрп-адат, руханий, адеп-ахлактык баалуулуктар менен аныкталып, ошолорду толуктап жана байытып турушу менен мүнөздөлүп, КПМдын негизин түзөт.

1-сүрөт. Кесиптик-педагогикалык маданиятты структуралык компоненттери.

Технологиялык компонент – мугалимдин айыл мектебинин шарттарында окуу-тарбиялык ишти уюштуруунун планын, усулдарын, ыкмаларын жана жол-жоболорун камтыган педагогикалык ишмердүүлүгү.

Маданияттын *инсандык-чыгармачыл компоненти* – мугалимдин педагогикалык процессти чыгармачылык менен уюштуруусу жана педагогикалык кырдаалдарды чечүүдө алгылыктуу ыкмаларды колдоно билүү менен аныкталат. Айыл мектебинин мугалими жеке өзүн-өзү өркүндөтүп туруу менен чектелбестен кесиптештеринин инсандык сапаттарын жана педагогикалык чеберчилигинин калыптанышына жардам бере алат. Ал окутунун жана тарбиялоонун алгылыктуу технологияларын колдонуу менен окуучулардын инсандык сапатына жигердүү таасир этет. Илимий көз караштарга таянуу менен жогорудагыдай компоненттен турган айыл мектебинин мугалиминин КПМ белгилүү структурага ээ болуп, төмөндөгүдөй функцияларды аткарат:

Гносеологиялык функция – бул функция педагогикалык кубулуштарды жана мугалим өзүнүн жеке-психологиялык өзгөчөлүктөрүн, кесипкөйлүгүнүн деңгээлин, окуучуларды жана айылдын социалдык-экономикалык абалын, тургундарды таанып билүүгө багытталат.

Гуманисттик функция окуу-тарбия процессинде жалпы адамга тийиштүү баалуулуктарды, окуучулардын шыгын, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталат. Кандай үй-бүлөдөн, анын социалдык, жыныстык, диний, улуттук өзгөчөлүктөрүнө карабай баланын инсанына мамиле кылуу.

Коммуникативдик функция “мугалим - окуучу”, мугалим – мугалим”, “мугалим – ата-эне”, “мугалим – администрация”, “мугалим – айыл” ж.б. байланыш түзүмүндө пикир алышууда ишке ашат. Мугалим активдүү угууну, окуучулар менен пикир алышууда өзүн окуучунун ордуна коюп, эмпатия жана рефлексиянын жогорку деңгээлин өзүнө камтыйт.

Окутуучулук функциясы атайын, дидактикалык, технологиялык жана методикалык даярдыгынын деңгээлин түшүндүрөт. Аталган функция - «эмнени окутууну?», «кантип окутууну?» жана «кимди окутууну?» деген суроолорун камтыйт.

Тарбиялык функция – мугалим тарбиячы катары өзүнүн кадыр баркы, эрудициясы, кесипкөйлүгү менен түз жана кыйыр мааниде окуучуларга гана эмес бүткүл айыл тургундарына таасир этет.

Маданият таратуучу функция – мугалим айылда жогорку статуска ээ болгондуктан, анын пикири, жүрүм-туруму, сүйлөгөн сөздөрү, кийген кийими ж.б. үлгү болот.

Маалыматтык функция ар кайсы мезгилдин жана муундун педагогикалык улантуучулук (ырааттуулугу) мүнөзүнө ээ болуп саясий, экономикалык, адабий ж.б. көз карашын, окуучуларга жана ата-энелерге жеткирүү.

Экинчи бап «**Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун материалдары жана методдору»** деп аталып, изилдөөнүн методдору, КПМды калыптандыруунун

педагогикалык шарттары, педагогикалык дисциплиналарды окутууда калыптандыруунун форма, методдору жана теориялык модели берилди.

Изилдөөнүн **объектиси**: ЖОЖдо айыл мектебинин келечектеги мугалимдерин даярдоо процесси, ал эми **предмети** ЖОЖдо педагогикалык дисциплиналарды окутууда студенттердин КПМды калыптандыруу болуп эсептелинет.

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМ калыптаныруу маселесин изилдөөнүн культурологиялык, инсанга багытталган, компетенттүү, технологиялык мамиле жасоо деп аталган методологиялык жоболорго негиздөө менен коюлган максат жана милдеттерге ылайык, изилдөөнүн методдордун комплекси колдонулду.

Теориялык анализ жүргүзүү методдору. Педагогикалык булактарга талдоо жүргүзүлүп, айыл мектебинин мугалиминин КПМ түшүнүгүнө аныктама берилип, аны калыптандырууну моделдештирүү ишке ашты.

Эмпирикалык методдор. Бул методдорго байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, анкета алуу, баарлашуу, студенттердин чыгармачыл иш-аракеттерин үйрөнүү, тестирлөө жана педагогикалык экспериментти камтыды. Педагогикалык эксперимент 3 этапта өткөрүлдү. Биринчи этап констатациялык эксперимент изилденип жаткан проблеманын теориядагы жана практикадагы абалы аныкталды. Экинчи этапта калыптандыруучу эксперимент уюштурулуп өткөрүлдү. Ал эми 3-этап жыйынтыктоочу этапта алынган натыйжалар талданып, жыйынтык чыгарылып, практикалык сунуштар берилди.

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруу педагогикалык шарттарга көз каранды болот. Педагогикалык адабияттарда берилген аныктамаларга таянуу менен педагогикалык шартка төмөндөгүдөй аныктама бердик. Педагогикалык шарт – бул адамдын физикалык, адеп-ахлактык, психикалык өнүгүшүнө жана анын жүрүм-турумуна, тарбиялоого, окутууга жана инсандын калыптануусуна таасир этүүчү жаратылыштык, социалдык, тышкы жана ички таасир-факторлордун топтому. Изилдөөнүн жүрүшүндө – педагогикалык практикада топтолгон тажрыйбаларга жана эксперименттик изилдөөлөрүбүздүн натыйжаларына таянуу менен төмөндөгүдөй педагогикалык шарттарды аныктай алдык: этнопедагогикалык шарт, айыл мектептеринде эмгектенген новатор-педагогдордун илимий-методикалык тажрыйбаларын үйрөнүү; айыл мектептери менен танышуу; окуу процессин жекечелештирүү жана дифференцирлөө. Изилдөөнүн жүрүшүндө аталган педагогикалык шарттар оң натыйжага алып келгендигин аныктай алдык.

Окумуштуу И.Ф. Исаевдин ЖОЖдун окутуучуларынын КПМын баалоо критерийлерин аныктаган. Изилдөөнүн жүрүшүндө И.Ф.Исаевдин көз караштарына таянуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачылык компоненттерине жараша критерийлерин жана деңгээлдерин аныктап алдык (1-таблица).

Илимий адабияттарда КПМ калыптандырууда моделдештирүү мааниге ээ боло тургандыгы белгиленген. Модель - это представление объекта в виде

уменьшенной или увеличенной схемы или изображения. Ал эми моделдештирүү – бул ойдо реалдуу жана оригиналдуу системаны элементтерге, бөлүктөргө ажыратуу жана талдоо деп айтууга болот.

Окумуштуулардын көз караштарына жана изилдөөбүздүн натыйжасына таянуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун төмөндөгүдөй моделин аныктай алдык (2-сүрөт).

1. **Максаттык блок** – айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу.

2. **Мазмундук блок –** Педагогикалык дисциплиналардын мазмунун айыл мектеп мугалим ишмердүүлүгүнүн материалдары менен байытуу. Тандоо курсу: “Айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты”.

1-таблица. – Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруунун критерийлери жана деңгээлдери

Критерийлер	**Деңгээлдер**		
	Репродуктивдүү (төмөн)	**Продуктивдүү (орто)**	**Креативдүү (жогорку)**
Баалуулук мамиле	Айыл мектебин-деги педагогика-лык иш аракетине иштелип чыккан схема аркылуу мамиле кылат. Окуучунун инсанын баалабайт. Педагогикалык билимге маани бербейт жана кесиби менен канааттанбайт.	Айыл мектебиндеги педагогикалык иш аракетине туруктуу мамиле кылат. Педа-гогикалык кесипти баалайт. Айыл мекте-биндеги педагогика-лык шмердүүлүктүн максаттарын, мазмунун, каражаттарын аңдап билет.	КПМнын бул деңгээли туруктуу. Кесиби менен сыймыктанат. Мамилешүү ма-даниятын, педаго-гикалык билимдин жогору баалайт.
Технологиялык активдүүлүк	Ишти уюштуруу ишмердүүлүгү өзүнүн тажрыйбасына гана таянат. Педагогик-лык ишмердигинде өзүн баамдай албайт, рефлексиясы жок. Педагогикалык кырдаалдарды бир	Иш аракетин конс-труктивдүү-прогноз-доого умтулат. Ишти аткарууда максат коюп, жыйынтыгын прогноздойт. Репро-дуктивтүү ой жүгүр-түүдөн изденүүчү-лүккө аракеттенет.	Коюлган милдет-терди аткаруу жөндөмдүүлүгү эң жогорку деңгээлде болгондугу менен мүнөздөлөт. Педаго-гикалык рефлек-сиясы калыптанган, дайыма позитивдүү

	тараптуу гана чечет.	Окуучунун инсанын үйрөнүүсү педаго-гикалык багытталган	маанайда болот.
Инсандык-чыгармачылык активдүүлүк	Айыл мектебиндеги педагогикалык ишмердиги дайыма эрежени сактоого багытталат. Чыгармачылыгы жок-ко эсе. Кесиптик жак-тан өзүн-өзү өркүндө-түүнү каалоосуз ишке ашырат.	Иш аракетинде чы-гармачылык ишмер-диги болсо дагы ал стандарттуу жолдорду табуунун элемент-тери байкалат. Ква-лификациясын жого-рулатууга тандоо менен мамиле кылат.	Педагогикалык иш аракетинде чыгармачыл активдүүлүктүн, интуиция жана им-провизациянын бо-лушу. Иш-аракети изденүү менен кош-толуп, педагогика-лык технологиялар-ды колдонот.

Педагогикалык шарттардан - этнопедагогикалык шарт, айыл мектептеринде эмгектен новатор-педагогдордун илимий-методикалык тажрыйбаларын үйрөнүү; айыл мектептери алардын милдеттери менен танышуу; жекечелештирүү жана дифференциялаштыруу.

2. **Технологиялык блоктун негизин** – окутуунун жана тарбиялоонун каражаттарын, методдорун жана формаларын түзөт.

3. **Жыйынтыктоочу-баалоочу блок негизинен** *критерийлерден а*) баалуулук мамиле б) технологиялык активдүүлүк, – в) чыгармачылык активдүүлүк, педагогикалык ойлом, өзүн-өзү өркүндөтүү), *деңгээлдерден* (репродуктивдик, продуктивдик, креативдик) *текшерүү* (баалоо, прогноздоо) жана акыркы *натыйжадан (*кесиптик-педагогикалык маданияты калыптанган айыл мектебинин мугалими) турат.



2-сүрөт. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун модели.

Үчүнчү бап «Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу боюнча экспериментти уюштуруу жана анын жыйынтыктары» деп аталып педагогикалык экспериментинин уюштурулушу, жүрүшү жана жыйынтыгы берилген. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМ калыптандыруу маселесин чечүү үчүн изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык

педагогикалык эксперимент 3 этаптан туруп, 2013-2020-жылдардын аралыгында өткөрүлдү. Эксперименттин базасы катары И. Арабаев атындагы КМУ жана Ж.Баласагын атындагы КУУ тандалып алынып, 180 студент катышты (ТТ- 90, ЭТ-90).

Констатациялык этапта (2013-2015-жж.) айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМ калыптандыруунун теориядагы жана практикадагы абалы, деңгээлдери, педагогикалык шарттары, окуу-тарбия иштеринин алгылыктуу форма-методдору жана аны ишке ашыруунун модели аныкталды.

Мына ушуга байланыштуу төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлдү:

− айыл жана шаар мектептеринин мугалимдеринин КПМынын калыптанышынын деңгээлдери;

− студенттердин педагогикалык окуу жайга тапшыруусунун мотиви;

− студенттердин кесиптик кызыгуусун аныктоо;

− студенттердин КПМны жөнүндө түшүнүктөрү жана калыптануу деңгээлдери.

Констатациялоочу эксперименттин жүрүшүндө айыл мектептеринде иштеген предметтик мугалимдердин арасында изилдөө жүргүзүү менен алардын КПМ деңгээлдерин аныктай алдык. КПМдын компоненттерин камтыган үч блоктон турган анкета түзүлдү. Айыл жана шаар мектептеринде эмгектенген 5 жылдан кем эмес эмгек стажы бар мугалимдерге сурамжылоо жүргүзүлдү. Анкетага Токтогул районунун Токтогул шаарынын №38 орто мектеби, Талас районунун А. Бөрүбаев атындагы орто мектеби, Жети-Өгүз районунун Д. Иманов орто мектеби, Дархан айылынын К.Саалиев орто мектеби, Тоң районунун Тоң айылынын А. Салиев ат. орто мектеби. Жумгал районунундагы А. Сулайманов,Чүй районундагы Садовое айылынын И. Укуев орто мектеби. Ошондой эле Бишкек шаарындагы №84 орто мектеби, №68 мектеп-гимназиясы, №1 Ч. Айтматов атындагы окуу-тарбиялык комплексинде эмгектенген мугалимдер катышты (3-таблица).

3-таблица. – Кесиптик-педагогикалык маданияттын деңгээлдери

№		Баардыг	Компоненттер					
			Репродук.		Продуктивд		Креативдик	
			Саны	%	саны	%	саны	%
1.	Айыл мектебинин мугалимдери	150	70	46,7	55	36,7	25	16,6
2.	Шаар мектебинин мугалимдери	150	55	36,7	60	40	35	23,3

3-таблицадан, айыл мектебинин мугалимдеринин КПМды репродуктивдик жана продуктивдүү деңгээлде экенин көрмөкчүбүз, ал эми шаар мектебинин мугалимдери продуктивдик жана креативдик көрсөткүчтөрү жогорураак экенин көрүүгө болот. Шаар мектептеринин мугалимдеринин мындай көрсөткүчтөрүн маданий борборлорго жакын болуусу, башка

мектептердин мугалимдери менен тажрыйба алмашуу, квалификациясын жогорулатууга, илимий-практикалык конференцияларга катышууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдүн болушу менен түшүндүрсөк болот. Констатациялык эксперименттин жүрүшүндө алынган натыйжалар калыптандыруучу эксперименттин материалдарын, программасын, конкреттештирүүгө, пдагогикалык шарттарды, айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМынын моделин түзүүгө мүмкүндүк берди.

Педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө студенттердин педагогикалык кесипти тандоосунун факторлорун эске алдык. Анткени, студенттердин педагогикалык кесипти тандоосуна ар кандай факторлор таасир эткенин аныктай алдык. Өз калоосу менен келген студенттер керектүү кесиптик жана инсандык сапаттарды калыптандырууга системалуу умтулушат. Мына ушул багытта жүргүзүлгөн изилдөөдө төмөндөгүдөй натыйжа алынды: ата-энесинин сунушу менен 29,4 %, жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы менен 36,6 %, мугалимдик кесип жагат 27,7 %, дос, курбулардын айтуусу менен 2,7 %, башка себептерден улам 3,6 %. Студенттердин КПМтын калыптандырууда мындай жагдайды эске алдык.

Студент тандаган кесибине кызыкса, билим алуу процесси жемиштүү болуп, кесипкөй адис катары калыптануусуна чоң түрткү берет. Бул максатта В.Ядов тарабынан сунушталган методиканын (Н.В.Кузьмина менен А.А.Реан тарабынан модификацияланган) жардамы менен студенттердин кесипке кызыгуусун жана мамилесин аныктадык.

4-таблица. – Кесиптик кызыгууларды аныктоочу суроолор

А	Б
1. Коомчулук үчүн маанилүү кесип.	1. Жумуштун маанилүүлүгү аз бааланат.
2. Адамдар менен иш алып баруу.	2. Адамдар менен иш алып бара албайм.
3. Кесип чыгармачылыкты талап кылат.	3. Чыгармачылыкты көрсөтүүгө шарт жок.
4. Жумуш анча деле чарчатпайт.	4. Жумуш аябай чарчатат.
5. Айлык акы чоң.	5. Айлык акы аз.
6. Өзүңдү өзүң өркүндөтүүгө мүмчүлүк бар.	6. Өзүңдү өзүң өркүндөтүүгө мүмчүлүк жок.
7. Жумуш жөндөмдүүлүктөрүмө төп келет.	7. Жумуш жөндөмдүүлүктөрүмө төп келбейт.
8. Жумуш мүнөзүмө дал келет.	8. Жумуш мүнөзүмө дал келбейт.
9. Иш күн узак эмес.	9. Узак иш күн.
10. Адамдар менен байланыштын бардыгы.	10. Адамдар менен ашыкча байланыш.
11. Социалдык сый мамилеге ээ болуу мүмкүнчүлүгү.	11. Социалдык сый мамилеге ээ болуу мүмкүнчүлүктүн жоктугу.

2 фактор боюнча маанилүүлүк коэффициенти (МК) төмөндөгү формула аркылуу аныкталат:

$$МК=[(n_{+}) - (n-)/N]$$

N – тандоонун саны (катышуучулардын саны); (n+) – А колонкасында факторлорду белгилегендердин саны; (n-) – Б колонкасында факторлорду белгилегендердин саны; Маанилүүлүктүн коэффициенти -1 ден +1 чейин өзгөрүп турат. Группа боюнча диагностиканын жыйынтыктары таблицага түшүрүлөт. Эгерде +1ге жакын болсо, анда студент тандаган кесиби менен канааттанат жана окуу ишмердүүлүгүн кызыгуу менен аткарат, ал эми -1ге жакын болсо, тандаган кесиби менен канааттанбайт.

5-таблица. – Калыптандыруучу экспериментке чейин кесипке болгон кызыгууну баалоо

Факторлор	**1**	**2**	**3**	**4**	**5**	**6**	**7**	**8**	**9**	**10**	**11**
Текшерүү топ	-0,06	0,13	0,06	-0,20	-0,91	-0,20	-0,33	-0,13	-0,26	-0,33	-0,46
Эксперим. к топ	-0,08	0,26	0,08	-0,26	-0,8	-0,31	-0,28	-0,73	-0,13	-0,48	-0,26

Констатациялык экспериментте алынган маалыматтар эксперименталдык жана текшерүүчү топтордун студенттери кесип менен канааттанбай турганын көрсөтүп турат. Адамдар менен иш алып баруу фактору салыштырмалуу эң позитивдүү болду (ЭК=0,26; ТТ=0,13). Ошону менен бирге мугалимдик кесиптин айлык маянасы төмөн экенин белгилешип, мына ошого ылайык студенттердин тандоосу терс көрсөткүчтө экени көрүнүп турат. Ал эми калган факторлор терс көрсөткүчтөрдү көрсөттү. Анткени, студенттер педагогикалык кесиптин теориялык негиздерин өздөштүрүү менен гана чектелишип анын практикалык маанисин толук түшүнө электиги көрүнүп турат.

Контатациялоочу эксперименттин жүрүшүндө текшерүүчү жана эксперименттик топтордун студенттеринин аксиологиялык, технологиялык жана инсандык чыгармачылык сапаттардын кайсынысына маани бере тургандыгын аныктап көрсөтүштү. Сунушталган сапаттардын арасынан үчөөнү тандоого мүмкүнчүлүк берилди (табл. 6).

6-таблица. – Студенттердин «кесиптик-педагогикалык маданият» түшүнүгүн аныктоосу

	Сапаттар	**Текшерүүчү группа**		**Экспер.к группа**	
		Саны	**%**	**Саны**	**%**
1.	Гумандуулук	12	13,3	11	12,2
	Толеранттуулук	10	11,1	10	11,1
	Окуучуларды түшүнө билет	15	16,7	18	20
2.	Өз кесибин мыкты билет	14	15,5	15	16,6
	Педагогикалык чеберчиликке ээ	11	12,2	8	9

	Педагогикалык рефлексиянын калыптангандыгы	4	4,4	3	3,3
3.	Ишине чыгармачыл мамиле кылуу	11	12,2	14	15,5
	Жаңычылдыкка умтулуу	10	11,1	8	9
	Интуиция жана импровизация	3	3,3	5	3,3

Таблицадан негизинен текшерүүчү жана эксперименттик топтордун студенттери КПМыга кирген сапаттардын арасынан негизги сапат катары «окуучуларды түшүнө билүүсүн», өз кесибин мыкты билүүсүн, ишине чыгармачылык мамиле жасоонун баса белгилегендигин көрө алабыз 15,5% жана 16,6%. Ал эми эң аз тандашкан КПМнын компоненттерине кирген сапат катары мугалимдин рефлексиясы жана интуиция-импровизациясы болду. Мындай аз тандоо студенттердин педагогикалык дисциплиналарды жаңыдан өтүп жаткандыгын жана мугалимдин инсандык-кесиптик сапаттары жөнүндө аз маалыматы болгондугун көрсөтүп турат. Биз мындан көпчүлүк студенттердин КПМ жөнүндө толук маалыматка ээ эмес экендигин көрө алабыз. Анткени, студенттер КПМы түшүнүгүн бир тараптуу кабыл алышып, алардын ойлору жалпы жонунан окшош.

Изилдөөнүн жүрүшүндө атайын түзүлгөн анкетанын жардамы менен КПМнын аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачылык компоненттеринин критерийлерин жана деңгээлдерин аныктадык. Ар бир суроого 1ден 3кө чейин упай коюлду, эгерде тигил же бул сапатты же тастыктаманы өзүндө жок деп эсептесе 0, жолуктурса, бирок кээ бир учурда 1, жагдайга жараша десе 2, ал эми дайыма жолуктурса 3 упай коюшту.

Констатациялоочу эксперименттин жүрүшүндө текшерүүчү жана эксперименттик топтордун студенттеринин айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин КПМнын калыптануу деңгээлдерин аныктай алдык (табл. 7).

7-таблица. – Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптануу деңгээлдери

Топтор	**Компоненттер**	**Репродуктивдүү**		**Продуктивдүү**		**Креативдүү**	
		Саны	**%**	**Саны**	**%**	**Саны**	**%**
Текшерүүчү топ	Аксиологиялык	12	13,3	8	9	6	6,6
	Технологиялык	15	16,6	9	10	8	9
	Инсандык-чыгармачыл	15	16,6	10	11,1	7	7,8
Эксперментти к топ	Аксиологиялык	12	13,3	8	9	7	7,8
	Технологиялык	16	17,7	9	10	8	9
	Инсандык-чыгармачыл	15	16,6	9	10	6	6,6



4-сүрөт. Кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптандыруучу экспериментке чейинки деңгээлдери.

7-таблицадан текшерүүчү жана эксперименттик топтордун көрсөткүчтөрү жалпысынан бирдей экени көрүнүп турат. Изилдөөнүн жүрүшүндө эки топтун студенттери, педагогикалык ишмердүүлүктүн милдеттерин, максаттарын түшүнбөстөн, окутуучулар айтканды жана көрсөткөндү аткарууга умутулушкандыгын, педагогикалык кырдаалдарды чечүүдө бир тараптуулугу менен айырмаланып, чыгармачылык ишмердиги дагы да болсо аткаруучу мүнөздө боло тургандыгын аныктай алдык.

Констатациялык эксперименттин жыйынтыгы калыптандыруучу эксперименттин материалдарын тактоого, педагогикалык шарттарды аныктоого, теориялык моделди иштеп чыгууга жардам берди.

Калыптандыруучу этапта (2015-2020-жж.) айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруу боюнча иштелип чыккан теориялык модель, педагогикалык шарттар, методикалык сунуштар педагогикалык экспериментте текшерилди.

Бул этапта педагогикалык дисциплиналарды окутууда келечектеги мугалимдердин КПМынын компоненттери калыптандыруу максатында төмөндөгү жагдайларга көңүл бурулду. Эксперименттик топтун студенттерине педагогика предмети боюнча максаттуу багытталган лекциялар, семинардык сабактар, кошумча тандоо курсу өткөрүлдү. Педагогикалык дисциплиналарды окутууда төмөндөгүдөй принциптерге таяндык: илимийлүүлүк, практика менен байланышы, жаратылышка жана маданиятка шайкештик принциби, билим берүүнүн тарбиялык мүнөзү ж.б.

I. “Педагогикалык кесипке киришүү” дисциплинасы боюнча окутууда азыркы кездеги социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартындагы айыл мектебинин жана социумунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен программалык материалдарга байланыштуу студенттердин КПМдын калыптандырууга көңүл бөлүндү. Мисалы, “Педагогикалык кесиптин жалпы мүнөздөмөсү жана педагогдун инсаны” темасын окутууда төмөндөгү маселелер чагылдырылды:

– айыл мектептеринин мугалимдеринин кесиптик иш-аракеттериин өзгөчөлүктөрүнө (жетектөөчү, башкаруучу, гуманисттик, чыгармачыл мүнөздө

болушу ж.б.);

− айыл мектебинин мугалиминин педагогикалык иш-аракети окуучуну инсан катары калыптандырып, аны эмгекке жана коомдук турмушка даярдоого багытталгандыгына;

− айыл мектебинин мугалиминин кесиптик сапаттарына (уюштуруучулук, конструктивдик, интеллектуалдык, жөндөм);

− айыл мектебинин кечектеги мугалиминин педагогикалык кесиптин компетенцияларына ээ болуусуна даярдыгына;

− жаңы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында өзүн-өзү тарбиялоосуна;

− билим берүүнү модернизациялоонун шартында айыл мектептеринде иштөө үчүн педагогикалык чеберчилигин калыптандыруу керектигине.

"*Педагогикалык теория, системалар жана технологиялар*" бөлүмүн окутууда жана республиканын мектептеринде иштеген новатор педагогдордун тажрыйбаларына, инновациялык технологияларга, мектеп практикасы менен байланыштырууга өзгөчө көңүл бөлүндү. Мисалы, «Окутууну уюштуруунун формалары» деп аталган теманы окутууда Баткен областынан №3 эксперименттик гимназияда эмгектенген Г. Мадаминовдун иш тажрыйбасы менен таанышпырып окутуу формаларын талдоо жүргүзүү менен мугалимдин инсандык сапаттарынын калыптанышынын ролун ачып көрсөттүк.

"Билим берүүнүн жана педагогикалык ойлордун тарыхы" бөлүмүн окутууда студенттердин көңүлүн кыргыз педагогикасынын тарыхында орун алган көрүнүктүү инсандардын, новатор педагогдордун мисалында студенттердин КПМтын калыптандырууга көңүл бөлдүк. "XX кылымда Кыргызстандагы элге билим берүү системасы жана педагогикалык ойлор" темасынын негизинде Кыргыз элинин биринчи агартуучу-илимпоздору И.Арабаев, К.Тыныстанов, Социалисттик эмгектин баатырлары К.Мамбеталиев, А. Койчуманов, СССРдин Эл мугалими Ж. Үтүров, КРнын Эл мугалимдери Б.Исаков, С.Абдрахманова ж.б.лардын ишмердүүлүгүн чагылдырдык.

"Билим берүү системасын башкаруу" деп аталган структуралык бөлүмүндөгү "Жетекчинин башкаруучулук маданияты" аттуу темасын окутууда айыл мектебинин директору кандай кесиптик жана инсандык сапаттарга ээ болушу керек деген маселеге студенттердин көңүлүн бурдук. Мектептин директорунун башкаруучу маданияты – бул мектепти башкаруунун технологияларын жакшыртуу жана баалуулуктарды жаратууга багытталган ишмердүүлүк катары ачып көрсөттүк.

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМ калыптандырууда педагогикалык практиканын маанисин белгилемекчибиз. Педагогикалык практиканы студенттер айыл мектептеринде өтүшүп, анда педагогикалык процессти уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, айыл жергесиндеги этномаданий баалуулуктар келечектеги студенттер тарабынан өздөштүрүлдү.

Калыптандыруучу эксперименттин жүрүшүндө эксперименттик топтун студенттерине аудиториядан тышкаркы иштерде тандоо курсу, Кыргызстандын Эл мугалимдери, новатор-педагогдор, айыл мектебинде иштеген жаш

мугалимдер менен жолугушуулар, «Дебаттар», «Семинар-дискуссиялар» («Мен күткөн мугалим», «Педагогикалык декада», «Кыргызстандын новатор-педагогдору» ж.б.), ролдук жана иштик оюндар (М: “Айыл мектеп мугалими маданият таратуучу”), «Айыл мектеби: көйгөйлөрү жана аларды чечүүнүн жолдору» деген темада тегерек стол; Кыргыз фильм студиясы чыгарган «Дилетант» деп аталган көркөм фильми көрсөтүлүп, андагы педагогикалык кырдаалдарды чечүү боюнча тренинг уюштурулду.

Үчүнчү этапта калыптандыруучу эксперименттен кийин ЭТтун студенттеринин кесипке болгон кызыгуусунун өскөндүгүн көрүүгө болот (табл. 8).

8-таблица. Калыптандыруучу эксперименттен кийин кесипке болгон кызыгууну баалоо

Факторлор	**1**	**2**	**3**	**4**	**5**	**6**	**7**	**8**	**9**	**10**	**11**
Текшерүүчү Топ	-0,26	0,08	-0,26	-0,04	-0,24	-0,31	-0,28	-0,73	-0,13	-0,48	-0,26
Эксперим.к Топ	0,15	0,29	0,43	0,33	-0,28	0,38	0,16	0,34	0,17	0,09	0,21

Эксперименттик топтун студенттеринин КПМ жөнүндө кеңири маалыматтарга ээ болгондугун аныктай алдык. Алар рефлексиялык сапаттарга көңүл бурушуп, КПМ калыптанган мугалимдин ишмердигине дайыма талдоо жүргүзүшүп, педагогикалык чеберчилигин үйрөнүүгө, иш-аракетинин натыйжасын көрө билүүгө умтулушат. КПМтын калыптанган критерийлеринин бири чыгармачылык болуп жаткандан кийин, келечектеги мугалимдер үчүн чыгармачылык чоң роль ойноору белгилүү. Сунушталган сапаттардын арасынан мугалимдин интуициясы жана импровизациясы өскөнүн 9-таблицадан көрүүгө болот. Эксперименттик топтун студенттери мугалимге импровизациялык жөндөмдүүлүк керек экендигин калыптандыруучу эксперименттин алкагында өткөрүлгөн тренингдерде аныктай алышты.

9-таблица. – Студенттердин «кесиптик-педагогикалык маданият» түшүнүгүн аныктоосу

	Сапаттар	**Текшерүүчү топ**		**Эксперименттик топ**	
		Саны	**%**	**Саны**	**%**
1.	Гумандуулук	12	13,3	9	10
	Толеранттуулук	10	11,1	10	11,1
	Окуучуларды түшүнө билет	15	16,7	12	13,3
2.	Өз кесибин мыкты билет	14	15,6	12	13,3
	Педагогикалык чеберчиликке ээ	11	12,2	12	13,3
	Педагогикалык рефлексиянын калыптангандыгы	4	4,4	10	11,1
3.	Ишине чыгармачыл мамиле кылуу	11	12,2	12	13,3
	Жаңычылдыкка умтулуу	10	11,1	8	9

	Интуиция жана импровизация	3	3,3	5	5,6

Констатациялоочу эксперименттe текшерүүчү жана эксперименттик топтордун КПМдын критерийлери жана деңгээлдери негизинен бирдей болсо, калыптандыруучу эксперименттин соңунда эксперименттик топтун студенттеринде бир кыйла жогорулаганын көрүп турабыз (табл. 10).

10-таблица. – Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптануу деңгээлдери

Топтор	Компоненттер	Репродуктивдүү		Продуктивдүү		Креативдүү	
		Саны	%	Саны	%	Саны	%
Текшерүүчү	Аксиологиялык	12	13,3	8	9	6	6,6
	Технологиялык	15	16,6	9	10	8	9
	Инсандык-чыгармачыл	15	16,6	10	11,1	7	7,8
Эксперименттик	Аксиологиялык	6	6,6	8	9	13	14,4
	Технологиялык	7	7,7	9	10	15	16,6
	Инсандык-чыгармачыл	7	7,7	9	10	16	18



5-сүрөт. Текшерүүчү жана эксперименттик топтордун калыптандыруучу эксперименттен кийин кесиптик-педагогикалык маданиятынын деңгээлдери.

Калыптандыруучу эксперименттин соңунда эксперименттик топтогу студенттердин кесиптик-педагогикалык маданиятынын деңгээли жогорулашына аныкталган теориялык моделдин негизинде педагогикалык

шарттарды эске алуу менен жүргүзүлгөн окуу тарбиялык иштеринин системасы таасирин тийгизгендигин белгилемекчибиз.

КОРУТУНДУ

1. Изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык булактарды, педагогикалык практиканын талдоонун негизинде төмөндөгүлөрдү белгилемекчибиз: илимий адабияттарда КПМ маселери каралган, бирок айыл мектебинин КПМын маңызы жетиштүү каралган эмес. Айыл мектебинин мугалиминин КПМ – социалдык-экономикалык, маданий, этнопедагогикалык жагдайлар менен шартталган, педагогикалык баалуулуктарды жана педагогикалык технологияларды өздөштүрүүгө, айыл жергесинде кайра жаратуучулук, маданият таратуучулук функцияларды аткарган, билим берүүчүлүк чөйрөнү түзүүгө багытталган мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган комплекстүү түшүнүк. ЖОЖдордо студенттердин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу иштери жеткиликтүү каралбай жатканы анык болду.

2.Айыл мектептеринин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен КПМ аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачыл *компоненттери аныкталды.* Ал эми КПМдын гносеологиялык, гуманисттик, коммуникативдик, окутуучу, тарбиялоочу, маданият таратуучу жана маалыматтык функциялары изилдөө иште айыл мектебинин шарттарына ылайыкталып берилди. КПМдын калыптануу деңгээлдери: репродуктивдүү – төмөн деңгээлди түшүндүрөт, продуктивдүү – орто, ал эми креативдүү - жогору деңгээлди билдирет; критерийлери: баалуулук мамиле – тандаган кесибине, окуучуларына жана педагогикалык иш аракетке болгон мамилеси, технологиялык активдүүлүк – педагогикалык идеяларды, форма, метод каражаттарды колдонуу инсандык-чыгармачылык активдүүлүк – өзүн, окуучуларынын, кесиптештеринин, айыл тургундарынын инсанына болгон мамиле.

3.Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМнын педагогикалык дисциплиналарды окутууда илимийлүүлүк, практика менен байланыш, жаратылышка жана маданиятка шайкештик, билим берүүнүн тарбиялык мүнөзү принциптерине таянуу менен төмөндөгүдөй педагогикалык шарттар аныкталды: педагогикалык процесстин этнопедагогикалык багыттуулугу, айыл мектептеринде иштеген новатор-педагогдордун илимий-методикалык тажрыйбаларын үйрөнүү, айыл мектептери менен таанышуу, студенттер менен иштөөнү жекечелештирүү жана дифференцирлөө кирет. Теориялык булактарга, педагогикалык практикага жана изилдөөлөрүбүздүн натыйжаларына таянуу менен студенттердин КПМын калыптандыруунун теориялык моделин аныктадык. Теориялык модель максаттык, мазмундук, технологиялык жана натыйжа-баалоочу блоктордон турат.

4. Педагогикалык эксперименттин соңунда КПМты калыптандыруу эксперименталдык топто салыштырмалуу бир кыйла жогорулагандыгын белгилемекчибиз. Эксперименталдык топтун студенттеринин кесиптик кызыгуулары, окуу тарбия иштерине жасаган мамилеси позитивдүү багытка карай өзгөргөнүн көрө алдык. Айыл мектебинин келечектеги мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятынын функциялары, түрлөрү жана

компонеттери тууралуу билим деңгээлдерин текшерүүдө эксперименттик топтун студенттеринин жыйынтыктары «жакшы» жана «эң жакшы» деген бааларды алышты. Кесиптик-педагогикалык маданияттын калыптануу деңгээлдери эксперименттик топтуку репродуктивдик деңгээлден креативдик деңгээлге өзгөргөнүн көрө алдык.

ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

− ЖОЖдо келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу максатында педагогикалык дисциплиналарды окутууда аныкталаган педагогикалык шарттарды, түзүлгөн теориялык моделди колдонууну;

− педагогикалык окуу жайларда айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМ калыптандырууга багытталган атайын курстун программасын, окуу-методикалык комплекстерин практикага киргизүүнү;

− республикабыздын айыл мектептеринде топтолгон новатордук тажрыйбаларды ЖОЖдо айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда пайдалануну;

− ЖОЖдо айыл мектебинин келечектеги мугалимдерин максаттуу даярдоону колго алуу, күчтөнтүү.

Изилдөөнүн жалпы натыйжалары 27 эмгектерде чагылдырылган, алардын негизгилери:

1. **Качкын уулу А.** Формирование профессиональной культуры учителей начальных классов [Текст] / А. Качкын уулу, Б.А. Ашырбеков // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. Специальный выпуск. – 2013. – С. 340-343.

2. **Качкын уулу А.** Мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятынын өспүрүмдөрдү тарбиялоодогу ролу [Текст] / А. Качкын уулу // Абай атындагы Казак улуттук университетинин Жарчысы. – Алма-Ата – 2014. – 206-210-бб.

3. **Качкын уулу А.** Келечектеги айыл мугалимдеринин кесиптик маданиятын окуу процессинде калыптандыруу [Текст] / А. Качкын уулу // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2014. – 34-38-бб.

4. **Качкын уулу А.** Самооценка как личностно-профессиональное качество студенческой молодежи [Текст] / А. Качкын уулу // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2015. – Специальный выпуск. – С. 185-187.

5. **Качкын уулу А.** Болочоктогу айыл мектеп мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыуурунун теориялык негиздери [Текст] А. Качкын уулу // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2016. – Чыгарылыш 2. – 52-55-бб.

6. **Качкын уулу А.** Роль педагогической практики в формировании профессионально-педагогической культуры будущих учителей сельских школ [Текст] / А. Качкын уулу // Вестник Казахского женского педагогического университета. – Алма-Ата. – 2016. – С. 57-41.

7. **Качкын уулу А.** Болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары [Текст] / А. Качкын уулу // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2017. – 368-374-бб.

8. **Качкын уулу А.** Кесиптик маданиятты калыптандыруунун критерийлери жана көрсөткүчтөрү [Текст] / А. Качкын уулу // К.Карасаев атындагы Бишеке гуманитардык университетинин Жарчысы. – №1(43). – 2018. – 80-83-бб. (РИНЦ)

9. **Качкын уулу А.** Идеи педагога-новатора Бектура Исакова и их роль в подготовке будущих учителей сельских школ [Текст] /А. Качкын уулу, О.А. Сманбаев / Саратовский национальный исследовательский государственный университет им. Н.Г.Чернышевского. Сборник научных трудов. Часть 1 (А-К). – Саратов, 2018. – С. 176-182 (РИНЦ).

10. **Качкын уулу А.** Болочоктогу мугалимдердин кесиптик маданиятын калыптандырууда рефлексиялык жана эмпатиялык жөндөмдүүлүктөрдүн орду [Текст] / А. Качкын уулу // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы – 2018. Атайын чыгарылыш. - 105-109-бб.

11. **Качкын уулу А.** Болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин этномаданий компетентүүлүгүн калыптандыруу [Текст] / А. Качкын уулу // Наука и инновационные технологии. – №4/2018(9). – 200-203-бб. (РИНЦ).

12. **Качкын уулу А.** Роль средств массовой информации в подготовке будущих учителей сельских школ [Текст] / А. Качкын уулу, О.А. Сманбаев // СИБАК. – Новосибирск, 6(10). – 20 июня 2018. – С. 49-55.

13. **Качкын уулу А.** Педагогические условия формирования профессионально-педагогической культуры будущих учителей сельских школ [Текст] / А. Качкын уулу, О.А. Сманбаев // Евразийское научное объединение. – Москва, Часть 6. – Июнь 2019. – С. 374-377 (РИНЦ).

14. **Качкын уулу А.** Болочоктогу айыл мектеп мугалимдеринин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун мазмуну [Текст] А. Качкын уулу // материалы межд. научно-практич. конференции – Ж. Баласагын ат. КУУ, 2019. – 179-186-бб.

15. **Качкын уулу А.** Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун форма жана методдору [Текст] / А. Качкын уулу // ЖАКтын электрондук журналы - Кыргыз республикасындагы илимий изилдөөлөр. № 3 бөлүм II, 2020. - 69-81-бб. (РИНЦ)

16. **Качкын уулу А.** Формы и методы формирования профессионально-педагогической культуры будущих учителей сельских школ [Текст] / А. Качкын уулу // Евразийское научное объединение. – Москва, часть 7. – Январь 2021. – С. 531-534 (РИНЦ).

Качкын уулу Алтынбектин 13.00.01 адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу (педагогикалык дисциплиналарды окутууда)» деген темадагы диссертациянын

РЕЗЮМЕСИ

Түйүндүү сөздөр: маданият, педагогикалык маданият, кесиптик маданият, кесиптик-педагогикалык маданият, компонент, келечектеги айыл мектебинин мугалими, модель, педагогикалык шарттар, калыптандыруу, өнүктүрүү.

Изилдөөнүн объектиси: ЖОЖдо айыл мектебинин келечектеги мугалимдерин даярдоо процесси.

Изилдөөнүн предмети: ЖОЖдо педагогикалык дисциплиналарды окутууда студенттердин КПМды калыптандыруу.

Изилдөөнүн максаты: айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу жана аларды педагогикалык экспериментте текшерүү.

Изилдөөнүн методдору: философиялык жана педагогикалык булактарга талдоо. Байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, анкета алуу, баарлашуу, тестирлөө жана педагогикалык эксперимент.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:

− Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун теориядагы жана практикадагы абалы аныкталгандыгында.

− Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятынын маңызы, мазмуну, структурасы жана функциясынын аныкталгандыгы.

− Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятынын калыптанышынын педагогикалык шарттарынын аныкталып кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандырууну уюштурууну ишке ашыруунун теориялык моделинин иштелип чыккандыгында.

− Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун натыйжалуулугун арттырууга багытталган практикалык сунуштардын берилгендигинде.

Изилдөөнүн практикалык маниси изилдөөнүн натыйжалары ЖОЖдо айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМ калыптандырууга багытталган окуу тарбия ишинде колдонулат. Изилдөөнүн жыйынтыгы айыл мектебинин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатууда дагы колдонулса болот.

РЕЗЮМЕ

диссертации Качкын уулу Алтынбека на тему «Формирование профессионально-педагогической культуры будущих учителей сельских школ (при изучении педагогических дисциплин)» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования.

***Ключевые слова*:** культура, педагогическая культура, профессиональная культура, компонент, профессионально-педагогическая культура, будущий учитель сельской школы, модель, педагогические условия, формирование, развитие.

Изилдөөнүн объектиси: ЖОЖдо айыл мектебинин келечектеги мугалимдерин даярдоо процесси.

Изилдөөнүн предмети: ЖОЖдо педагогикалык дисциплиналарды окутууда студенттердин КПМды калыптандыруу.

Объект исследования: процесс подготовки будущих учителей сельских школ в ВУЗе.

Предмет исследования: формирование ППК будущих учителей сельских школ при изучении педагогических дисциплин.

Цель исследования: разработка, внедрение и проверка модели по формированию профессионально-педагогической культуры будущих учителей сельских школ.

Методы исследования: теоретический анализ исследуемой проблемы, наблюдение, сравнение, обобщение, анкетирование, опрос, практические задания, изучение педагогического опыта учителей новаторов в условиях сельских школ.

Научная новизна полученных результатов: определены теоретические и практические положения формирования профессионально-педагогической культуры будущего учителя сельской школы; определены сущность, содержание и структура профессионально-педагогической культуры будущего учителя сельской школы; педагогические условия и реализация теоретической модели формирования профессионально-педагоической культуры будущего учителя сельской школы; практические рекомендациии по улучшению формирования профессионально-педагогической культуры.

Практическая значимость исследования: результаты исследования будут использоваться в воспитательной работе, направленной на формирование профессионально-педагогической культуры будущих учителей сельских школ. Результаты исследования также могут быть использованы для повышения квалификации учителей сельских школ.

ABSTRACT

dissertation Kachkyn uulu Altynbek on the topic «Formation of a professional and pedagogical culture of a future rural school teacher (in teaching pedagogical subjects)» for the degree of candidate of pedagogical sciences in specialty 13.00.01 – general pedagogy, history of pedagogy and education.

Key words: culture, pedagogical culture, professional culture, component, professional and pedagogical culture, future teacher of a rural school, model, pedagogical conditions, formation, development.

Object of research: teaching and educational activities in the university on the formation of professional and pedagogical culture of the future teacher of the rural school.

Subject of research: the process of formation of the professional and pedagogical culture of the future teacher of the rural school.

Research methods: theoretical analysis of the studied problem, observation, comparison, synthesis, questioning, survey, practical tasks, the study of the pedagogical experience of teachers of innovators in the conditions of rural schools.

Scientific novelty and theoretical significance of the research: Theoretical and practical provisions for the formation of a professional and pedagogical culture of a future rural school teacher have been identified; the essence, content and structure of the professional and pedagogical culture of the future rural school teacher are determined; pedagogical conditions and the implementation of a theoretical model for the formation of a professional and pedagogical culture of a future rural school teacher; practical recommendations for improving the formation of professional and pedagogical culture.

The practical significance of the study: in the implementation of the results of experimental work; in the training of future teachers of rural schools; a program of an elective course has been developed for the formation of a professional and pedagogical culture of future teachers and experimentally verified. The results of the study can be used to improve the skills of teachers in rural schools.